# Эмгек келишими

«1» сентябрь 2020-жыл

Баетов айылы. Ш.Бейшеналиев атындагы орто мектеби

**1.1 Тарап:** Иш берүүчү: Ш.Бейшеналиев атындагы орто мектебинин директору

Ш.Бейшеналиев атындагы орто мектебинин кесиптик уюмунун төрайымы:
Эсенканова Венера

**2.2-тарап:**
Кызматкер Абыканова Гүлжан Камбарбековна
жогорку, чет тили мугалими
(Билими, кызматы, адистиги, предмети)

(паспорт ,алган күнү)

Милдеттенишет
Кызматкер Абыканова Гүлжан Камбарбековна
жогорку, чет тили мугалими
(Билими, кызматы, адистиги, предмети)

Кызматка кабыл алынат чет тили мугалими
(Билими, кызматы, адистиги, предмети)

**3. Эмгек келишиминин түрү.**

- Аныкталган мөөнөтко 5 жыл ✓
- аныкталган мөөнөтко(3-жыл)
- Белгилүү бир ишти аткарган убагына жараша

**4.эмгек келишиминин мөөнөтү**
Иштин башталган күнү 1-сентябрь 2020-жыл
Иштин бүткөн күнү

**5.Жумуштун режими.**
5.1 жумуштун башталышы 8⁰⁰
5.2 тыныгуу
5.3 жумуштун бүтүшү 13²⁰

**6.1 ички эмгек эрежелерин сактоо**
6.2 Жумуш убактысын толук жана өндүрүмдүү пайдалануу
6.3 үзгүлтүксүз өзүнүн билимин жана профессионалдык деңгээлин жогорулатып турууга.
6.4 эмгек жана техникалык коопсуздук эрежелерин сактоого жана функционалдык милдетин аткарууга.

**7. эмгек келишими түзүлгөн убакыттан баштап кызматкер төмөндөгүлөргө милдеттенет:**

- КР билим берүү кызматтарын так аткарууга. Билим берүү мыйзамынын талаптарына ылайык мамлекеттик стандарттын деңгээлинен төмөн эмес деңгээлге окуучулардын сабак өздөштүрүүсүн камсыз кылууга.
- Окуучуларга билим берүүгө жекече мамиле кылуу менен окутуунун эффективдүүлүгүнө жетишүүгө.

Сканировано с CamScanner

- өзүнүн ишинде психологиялык , педагогикалык ишенимдерге жана алдынкы педагогикалык практикага таянуу менен иш жүргүзүүгө.
- Мектеп окуучуларын тарбиялоодо ата-эне, педагогикалык коллектив, коомчулук, укук коргоо органдарынын өкүлдөрү менен биргелешип иштөөгө, окуу документтеринин өз убагында толук жана сапаттуу өткөрүүгө;
- Ар бир сабакка жакшы даярдануу, сабактын конспектилерин мазмундуу кылып кеңири түзүүгө, ар бир сабактын көрсөтмөлүү өтүшүн камсыз кылууга;
- Жумасына 3 жолудан кем эмес башка мугалимдердин сабактарына катышууга;
- Окуучуларга үлгү болуу менен педагогикалык этиканы сактоого, коомдо таза жашоого;
- өзүнүн кесиптик билимин үзгүлтүксүз жогорулатууга;
- «Артыкчылык аттестатына» жана «артыкчылык күбөлүкторүнө» талапкер окуучулар менен жекече иш жүргүзүү жактарына айрыкча басым жасоого алардын санын көбөйтүүгө;
- Автордук программалар , окуу китептерин түзүү иштерине активдүү катышууга;
- Мектептик , райондук , областык деңгээлде өткөрүлгөн кароо-сынактарга педагогикалык окууларга активдүү катышууга;
- өзүлөрү окуткан сабактары боюнча окуучуларды райондук, областтык жана республикалык деңгээлде өткөрүлгөн олимпиадаларга сапаттуу даярдоо, алдыңкы орундарды көбүрөөк жеңип алууга жетишүүгө;
- өкмөттүк эмес эл аралык активдүү уюмдар тарабынан жарыяланган конкурстарга активдүү катышууга, ар түрдүү иштиктүү долбоорлорду иштеп чыгууга жана сунуш кылууга
- Мектептин директорунун буйругу менен же педагогикалык кенештин чечими менен класс жетекчилик милдети, усулдук бирикменин жетекчилигин, окуу кабинеттерине жыгаччылык жана темирчилик чеберканаларына, окуу тарбия участокторуна жана класстан тышкаркы иштерге жетекчилик кылууга жана талапка ылайык уюштурууга .
- Ишке өз убагында кечикпей келүүгө, сабактарды өз убагында өтүүгө, себепсиз үзгүлтүккө учуратпоого, кызматтык милдеттерин так аткарууга
- Мугалимдин «Ар- Намыс» кодексинде көрсөтүлгөн милдеттенмелерди так аткарууга

**8. эмгек келишими түзүлгөн убакыттан баштап кызмат берүүчү төмөндөгүлөргө милдеттенет:**

- КР билим берүү мыйзамдарына ылайык мугалимдердин иштөөсүнө , окуучулардын мамлекеттик стандарттын деңгээлинде билим алууларына ыңгайлуу шарттарды түзүп берүүгө.
- Эмгек акысын тарифтик жана кызматтык ченемдин негизинде ай сайын төлөп берүүгө
- Иштеген иштерине карап мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктарга сунуш кылууга
- Пенсияга чыккан учурда мектепте иштеп жатышкан ардагер мугалимдердин иштөөлөрүнө керектүү зарыл шарттарды түзүү, алардын тиешелүү өлчөмдөгү жумалык келишимин токтотууга макулдуктарын беришкен шарттарда аларды салтанаттуу түрдө эс алууга узатуу аземдерин уюштурууга
- Кызматкерлерге жыл ичинде 68 күндүк эмгек өргүүсү берилет .
- Ден солугу болбогон учурда пособие катары материалдык жардам алат

**9. Эмгек келишимин токтотуунун негиздери.**

**10 .Эмгек келишимин токтотуу иштер КР кодексинде каралган жоболорго ылайык жүргүзүлөт.**

**11. Өзгөчө шарттар .**

Ушул келишимдеги милдеттердин негизинде кызматкер тарабынан одоно тартип бузуулар болсо, КРнын мыйзамдарына ылайык тартиптик чара көрүүдөн баштап, иштен бошотууга чейин чаралар көрүлөт . КРнын эмгек кодексинин 76-статьясына ылайык жоболор жүргүзүлөт .

**12.Эмгек келишимде токтотуунун негиздери .**

12.1 жумушчунун өз каалосу боюнча (КР эмгек кодекси 117 ст)

12.2 жумушчунун талабы боюнча (КР эмгек кодекси 118 ст)

- Ата-энелер жана мектептин ортосундагы байланышты чыңдоо , жума сайын ата-энелерди сабактарга катыштыруу , пикир алышуу иштерине жетишүү.
- «Мыкты кабинет» кароо-сынагына активдүү катышуу, жыл ичинде окуткан сабагы боюнча окуу кабинетин окуу программасынын талаптарына ылайык түзүп чыгуу зарыл керектүү материалдар, окуу китептери , көркөм адабияттар жана башка каражаттар менен толуктоо
- Окуу жыл ичинде ар түрдүү багытта, демилгелүү семинарларды өткөрүп туруу

Сканировано с CamScanner

- Кесиптик чеберчилигин арттыруунун үстүндө системалуу түрдө иш жүргүзүү билим берүү тармагына тиешелүү чыккан мыйзамдарды, нормативдик документтерди указдарды , методикалык сунуштарды дайыма окуп туруу жана күндөлүк практикага кенири пайдаланууга жетишүү.
- Ар бир окуу жылынын июнь айында өзүнүн кабинетин андагы мектептин инвентарларын толук түрдө ремонттон өткөрүү жана сырдап , өткөрүп берүү. Мектептин ремонт ишине активдүү катышуу .
- Мектеп администрациясы тарбынан берилген ар кандай коомдук тапшырмаларды убагында жана жоопкерчилик менен аткаруу .

13.Эмгек келишиминин шарттары тараптардын макулдугу менен тиркеме формасында атайын токтомдун негизинде өзгөртүлөт.

14. Эмгек келишими КРнын Эмгек кодексинин нормасына ылайык 79-статьянын негизинде токтотулат. Ушул эмгек келишими тараптардын макулдугу менен узартылса болот жана бөлүк катары кабыл алынат.

15. Кызмат берүүчү менен кызматкерлердин ортосундагы талаш-тартыш маселелери КРдагы аракеттеги мыйзам актыларынан чечилет.

16. Ушул эмгек келишимдеги каралбай калган суроолор КРнын эмгек кодексинин негизинде жөнгө салынат

17. Келишим 2 нускада түзүлүп түзүлгөн күндөн баштап юридикалык бирдей күчкө ээ жана бир нусканы кызматкерлерге берилип бирөө кызмат берүүчүдө болот.

Кызмат берүүчү ____ Кызматкердин колу ____

А. Тохтогулова Абыканова Г.К

А.А.А

М.О.

Кызмат берүүчү ____

Тараптын даректери : Ак-Талаа району , Баетов айылы , Ш.Бейшеналиев атындагы орто мектеби .

Балтабай кочосу 28 телефон 92-3 63

Жумушчунун

дареги: Мадыбаев кочосу

Сканировано с CamScanner